**22-тиркеме**

**2021-жылдын 5-сентябрында №1 пед.кенеште жана ата-энелер чогулушунда каралды**

**БЕКИТЕМ**
**Мектеп директору**
_______ А.Асаналиева
_______ 2021-жыл

*(2003- жылдын 25-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган. Жалпы билим берүү уюму жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-октябрындагы № 544, 2014-жылдын 17-сентябры № 535, 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомдорунун редакцияларына ылайык жана мектептин Уставынын негизинде иштелип чыкты)*

# К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин мугалимдери, окуучулары жана ата-энелери үчүн мектеп ичиндеги ТАРТИП ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. Жалпы бөлүм

1.1.К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин кызматкерлеринин, окуучуларынын жана ата-энелердин мектеп ичиндеги тартип эрежелери:

1.2.Мектептин ички тартиби окуучулардын мектептеги жана мектепке тиешелүү аймактагы, ошондой эле мектептин окуучулары катышкан мектептен тышкаркы иш- чаралар убагындагы негизги жүрүм –турум эрежелерин жана нормаларын аныктайт.

## Максаты :

1.3. Окутуу жана тарбиялоо процессинде окуучуга билим алуу ыңгайлуу шарт түзүү;
-окуучулардын окуу программасын сапаттуу өздөштүрүүнү камсыздоо;
-инсанды жана анын укуктарын сыйлоого тарбиялоо;
-жүрүм- турум жана пикир алышуу маданиятын өнүктүрүү
-инсан катары өз алдынча калыптанышына багыт берүү.

## Мектептин милдеттери:

- жумуш ордун камсыздоо менен бирге натыйжалуу кызмат өткөрүүгө шарт түзүүгө көмөк көрсөтөт;
- кесиптик, усулдук үзгүлтүксүз билимин жогорулатууга ОББИ, КББА базаларындагы курстарга жиберет;
- райондук масштабда өтүүчү ар кандай усулдук семинарлар, кароо-сынактар, ж.б. иш чараларга тартат;
- чыгармачылык иштерине жана инициативаларына колдоо көрсөтөт;
- бекитилген материалдык-техникалык-окутуу-усулдук базасын туура максатта пайдалануу маселесин көзөмөлдөйт.
- Мектептин окутуу-тарбиялоо процессинин бардык багыттарындагы жана бардык этаптарындагы перспективдүү жана күнүмдүк ишин пландаштырууну уюштурат
- эмгек тартибин бузгандыгы үчүн тапшырылган эмгек милдеттерин укукка каршы аткарган же тиешелүү түрдө аткарбагандыгы үчүн тартиптик жаза колдонот (КР ЭКнин 146-б.).



Scanned by TapScanner

## 2. Окуучунун милдеттери

2.1 Мектепке сабак башталарда өз убагында, кечикпей келүүгө;
2.2 Мектеп аныктаган мектеп формасында,таза жана тыкан кийим менен келүүгө (дене тарбия сабактарында спорттук форманы колдонуу);
2.3. Өзүнүн окуу орундугун жана окууга керектүү куралдарын сабакка даярдоого;
2.4. Мектепте жана мектептен тышкары жерлерде өзүн маданияттуу алып жүрүү; мектептин ички тартибине ылайык жүрүм –турум эрежелерин сактоого (окуу процессин бузбоо, сабактарга ар дайым даяр болуу, сабактарга кечикпөө, класс жана мектеп турмушуна катышуу)
2.5. Педагогдор, мектептин жумушчу персоналдары жана окуучулары менен өз ара сый мамиле түзүү, алардын эмгегин баалоо жана урматтоо менен мамиле кылууга;
2.6. Мектептин территориясында тазалыкты жана тартипти сактоого;
2.7. Мектепте, класста өз ара түшүнүшүү жана сый-мамиледе болуу;
2.8. Мектептин эмеректерине аяр мамиле кылууга.
2.9. Мугалим берген тапшырманы өз убагында, так аткарууга, жоопкерчиликтүү мамиле кылууга;
2.10. Мектептеги коомдук пайдалуу эмгек процессине катышууга милдетүү.

## 3. Окуучуларга тыюу салынат:

3.1. Мугалимдин уруксатысыз сабак учурунда мектептен кетүүгө;
3.2. Кооптуу абалды пайда кылуучу иш-аракеттерди кылууга (терезе, партанын үстүнө чыгып ойноого, ар кандай күйүүчү, жарылуучу заттарды колдонууга:)
3.3.Ден соолукка зыян келтирүүчү заттарды, препараттарды, суусундуктарды колдонууга (алкоголь, наркотиктер, токсиндер, амфетаминдер, тамеки ж.б.)
3.4 Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүүчү заттарды, пайдаланууга; (пистолет, бычак, мылтык, кастет ж.б.):
3.4.Мектепте психо-активдүү заттарды колдонууга (насвай,тамеки, алкоголдук жана энергетикалык ичимдиктер
3.5. Орой, сөгүнгөн сөздөрдү колдонууга;
3.6. Ар кандай диний агымдарды жайылтууга;
3.7. Азарттык оюндарды ж.б. адамдын өмүрүнө жана психологиясына терс таасир этүүчү оюндарды ойноого;
3.8.Сабакка берилген убакыт предметти өздөштүрүү максатында гана болуусу керек,сабак учурунда ойноого, башка нерсе менен алек болууга, башкаларга тоскол болууга болбойт;
3.9. Сабак учурунда мугалимдин уруксатысыз уюлдук телефондорду ж.б. техникалык каражаттарды колдонууга тыюу салынат;

## 4. Окуучулардын сабак учурундагы жүрүм –туруму

4.1 Конгуроо кагылары менен окуучулар өз ордуна келип,сабакка тиешелүү куралдарды даярдоо
4.2. Кезметтеги окуучу кыласстык бөлмөнү жана сабакка керектүү жабдыктарды даярдап, мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүү;
4.3. Окуучу кечиккен учурда мугалимден уруксат сурап кирүү;
4.4. Партанын үстүндө сабакка тиешеси жок ашыкча эч нерсе болбоосу;
4.5. Билим берүү жөнүндө мыйзамына каршы келбөөсү ;
4.6. Сабакка берилген убакытты предметти өздөштүрүү максатында гана болуусу керек, сабак учурунда ойноого, башка нерсе менен алек болууга, башкаларга тоскоол болууга болбойт;
4.7. Дене тарбия сабактарына окуучулар спорттук кийим менен келүүгө;



Scanned by TapScanner

## 5. Окуучулардын танапис учурундагы жүрүм –туруму

5.1. Мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч,тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;

5.2. Ар бир окуучу,күзөтүү кызматчысынын талабы боюнча,өз аты-жөнүн жана классын айтууга милдеттүү;

5.3. Коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;

5.4. Танапис учурунда төмөндөгүлөргө тыюу салынат;

- ызы-чуу болуп, башкалардын эс алуусуна тоскоол болууга;
- мектеп коридорунда жана тепкичтеринде чуркоого;
- бири-бирин түртүшүүгө;
- кандайдыр бир көйгөйдү чечүү үчүн физикалык күч колдонууга жана орой, уят сөздөрдү айтууга;
- мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларды жана кыздарды коё берүү;
- танаписте класста кезметтеги окуучулар гана калып, имаратты желдетип, классты иретке келтирүү;
- танапис учурунда дааратканага барып келгенден кийин колду самындап жууш керек;

## 6. Мектеп буюмдарынын жана окуу куралдарынын сакталышы

6.1. Баардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдетүү,өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;

6.2. Окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса,ата-энелери толугу менен ордуна коюусу, же түзөтүүсү керек ;

6.3. Окуу куралдары, китептер ,окуучулардын күндөлүктөрү тыкан болуусу шарт;

6.4. Китептин барактарын жулуп же бүктөбөш керек, окуу китебине сүрөт тартууга болбойт;

## 7. Класстан тышкаркы массалык иш- чаралардагы окуучулардын Жүрүм- турумдары

7.1. Мектепте иш-чара өтүүнүн алдында бардык окуучулар сөзсүз түрдө коопсуздук эрежелерин сактоого тийиш;

7.2. Адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян алып келүүчү ар кандай кырсыктардан алыс болуу үчүн окуучулар талап кылынган бардык шарттарды так аткаруусу зарыл;

7.3. Окуучулар класс жетекчиси же тиешелүү мугалим көрсөткөн орундарында болуусу шарт;

7.4. Ар бир окуучу жеке гигиенаны сактоосу керек.Эгер кимдир бирөөнүн ден соолугу начарлап өзүн жаман сезсе,дароо класс жетекчиге же мектеп администрациясына билдирүү керек;

7.5.Иш- чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө тыюу салынат ;

7.6. Ачык отторду колдонууга (хлопушка,фейерверг,факел ж.б.)өртүү пайда кылуучу химиялык пиротехникалык каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

## 8. Ашканадагы жүрүм-турумга карата талаптар:

8.1. Ашканага өз классындагы окуучулар менен уюшулган түрдө жана тынч жагдайда баруу;

8.2. Тамактануудан мурда колду таза жууш керек:

8.3. Нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу ;

8.4. Тамактануу учурунда сүйлөбөө;

8.5. Ашканага класс үчүн атайын түзүлгөн мөөнөт менен баруу;



Scanned by TapScanner

8.6. Ысык жана суюк тамак –аштарды алууда жана колдонууда этият болуу ;

## 9. Корутунду бөлүк

9.1. Окуучуларга коюлган бул талаптардын бузулушуна карата тартиптик жана тарбиялык таасир берүүчү чаралар колдонот :

1. түшүндүрүү иштери
2. ата-энелерин мектепке чакыруу;
3. мектептин ички көзөмөлүнө коюу;
4. КДДга сунуштоо

## 10. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укутары жана милдеттери:

10.1. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы билим берүү уюмун тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмунун башкаруусуна катышууга;
- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу.

10.2. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
- балдардын күч-кубатына жана психикалык ден-соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;
- баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, мекенин, айлана-чөйрөнү урматтоого тарбиялоого;
- жалпы билим берүү уюмунун уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдарынын тарбиясына жана балдары жалпы билим берүү уюмдарына зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө;
- Уул кыздарынын тартибине көз салууга;
- Мектепке окуучулук форма менен жиберүүгө;
- Окуу куралдарына, күндөлүкөрүнө кантрол жүргүзүү жана убагында кол коюп туруута;
- Мектеп менен тыгыз байланышта болууга;
- Ата-энелер чогулушуна үзгүлтүксүз катышууга;

## 11. Мугалимдердин милдеттери жана укуктары

11.1. Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплектерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;



Scanned by TapScanner

- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
-өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул максатта жалпы билим берүү уюмунун администрациясы мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт);
-Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- уставында аныкталган тартипте жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

11.2. **Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- педагогикалык этиканы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого;

- окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;

- билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө;

- өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;

- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен мугалимдердин кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.**

## 12. Жыйынтыктоочу эрежелер.

12.1. Берилген эрежелер бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
12.2. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү жараштыруу кызматынын же мектепте биргелешип башкаруу органдарынын сунуштары боюнча директор тарабынан киргизилет.



Scanned by TapScanner